КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫК
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
БАЗАР-КОРГОНСКОГО РАЙОНА

715633, с.Базар-Коргон, ул. Б.Осмонова, 120
Тел: +996(3736) 5-02-61
Факс: +996(3736) 5-01-61
e-mail: bazar-korgon.lib@mail.ru

/6807

катка

Базар-Коргон районунун аймктык шайлоо камиссиясынын төрагасына
**Н.Мадумаровко**

## БИЛДИРҮҮ

ү Кыргыз Республикасынынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук камиссиясынын маалыматына ылайык, Канат Талайбеков өзүнүнүн Фейсбук интернет баракчасында Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу жолуу аркылуу Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун Кадастр мамлекеттик мекемесинин филианын директору Султаналиев Алмазбек Өскөнбаевич Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатыгына талапкер №11 Ата-Журт Кыргызстан саясий партиясынынан талапкер Масабиров Талайбекти колдоп, шайлоого карата өзүнүн кызматкерлерине үгүтөө иш чарасын жүргүзүп жаткандыгын билдирип, ошондой эле А.Султаналиев атуулдардын шайлоого болгон укугун бузуп жаткандыгын корсөткөн.

Текшерүү учурунда Базар-Коргон районунун Кадастр мамлекеттик мекемесинин филианын директору Султаналиев Алмазбек Өскөнбаевич өзүнүн түшүнүк катында – ал өзүнүн колдонуп жүргөн кол телефонунда Ватсап интернет баракчасында 2017-жылы “KG” аттуу группа ачылганын. Аталган Ватсап группада жоро-жолдош теңтуш көңүл жакын инсандар кошулганын. Ал эми 2021-жылдын 5-ноябрь күнү ошол эле группадагы Айбек Масабиров, бир тууган агасы Жогорку Кенештин депуттаттыгына талапкер Ата-Журт саясий партиясынан баражаткан Талайбек Масабировдун сүрөтүн жөнөткөнүн, Талайбек Масабиров менен мамилеси бар болгондуктан интернет тармагынан Ватсап группадан келген Талайбек Масабировдун сүрөтүн иниси Ж.Султаналиев менен карындашы Г.Султаналиева жөнөткөнүн жазып корсөткөн.

Текшерүү учурунда, А.Султаналиев өзүн жетекчи болуп иштеген Кадастр ММнин Базар-Коргон филиалынын жалпы кызматкерлеринен түшүнүк каттары алынып, анын жыйынтыгында А.Султаналиев 2021-жылдын 28-ноябрь күнү боло турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоосуна эч кандай үгүт иштерин жүргүзбөгөнүн анын ордуна шайлоо учурунда шайлоонунун жүрүшүнө, үгүттөөгө жана маалымат таратуу иштерине аралашпоого түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жалпы чогулушту өткөрүп, отурумду протоколдоштуруп, кызматкерлерге тааныштырып кол тамга койдурушканын корсөтүшкөн.

Кыргыз Республикасынын ЖжКнин 87[1]-бер. 2-б. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу башкача айтканда, “мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү бар уюмдардын жетекчилери жасаган ошол эле жосун” - деп корсөтүлгөн.

Ал эми, А.Султаналиевдин бир туугандары Ж.Султаналиев жана Г.Султаналиева А.Султаналиевдин кол алдында иштеген мамлекеттик жанан муниципалдык кызматкер болуп саналбагандыктан А.Султаналиевдин кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын ЖжКнин $87^{1}$-бер. 2-б. каралган жорук курамы жана башка жорук же кылмыштын курамы аныкталган жок.

Андыктан, 2021-жылдын 10-ноябрында Базар-Коргон РИИБнүн МЭЖна 02-066-2021-001048 саны менен катталган окуя боюнча кылмыштын жана жоруктун курамы жок болгондуктан, топтолгон материалды Кыргыз Республикасынын КЖБРнын жобосунун 14-бөл. ылайык кароосуз калтырып Базар-Коргон РИИБнүн ноомот бөлүмүнүн номенклатуралык ишине тиркелген.

Базар-Коргон РИИБнүн начльниги
милициянын полковниги — М.С.Муратов